**Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын "Жашыл жана санарип университеттер" Улуттук Тармагын түзүү жөнүндө КЕЛИШИМ**

Ош шаары

"16" май 2025-жыл

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Кыргыз Республикасынын өнөктөш университеттери – Erasmus+ программасынын 101126755 номерлүү "Кыргызстандын туруктуу өнүгүүсү үчүн жашыл жана санарип университеттер" долбоорунун катышуучулары (мындан ары – GREENKG), мындан ары баары биргеликте "Тараптар" деп аталып, Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын "Жашыл жана санарип университеттер" Улуттук Тармагын (мындан ары – Тармак) түзүү тууралуу ушул келишимди түзүшөт.

1.2. Тармак улуттук деңгээлдеги, ачык жана ыктыярдуу кызматташтык платформасы болуп саналат. Ал туруктуу өнүгүү, жашыл экономика, санарип трансформация жана инновациялык технологиялар багытында иш алып барат.

1.3. Тармак Кыргыз Республикасынын 2018-2040-жылдарга карата туруктуу өнүгүү стратегиясын жана 2026-жылга чейинки улуттук өнүктүрүү программасынын максаттарын жана принциптерин жетекчиликке алат.

**2. Тармактын максаттары жана милдеттери**

2.1. Тармактын негизги максаттары төмөнкүлөр:

- университет чөйрөсүндө экологиялык жана санариптик демилгелерди илгерилетүү;
- өлкөнүн жогорку окуу жайларынын ортосундагы академиялык жана илимий кызматташтыкты бекемдөө;
- туруктуу өнүгүү, жашыл технологиялар жана санарип инновациялар жаатындагы биргелешкен долбоорлорду иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- окутуучулардын, изилдөөчүлөрдүн жана студенттердин бул тармактардагы потенциалын өнүктүрүү.

2.2. Тармактын негизги милдеттери төмөнкүлөрдү камтыйт:

- биргелешкен изилдөөлөрдү жана иштерди жүргүзүү үчүн ресурстарды жана инфраструктураны жеткиликтүү жана биргелешип пайдаланууну камсыз кылуу;
- долбоордун алкагында иштелип чыккан "Жашыл жана санарип университет" моделин ишке киргизүү;
- долбоор аяктагандан кийин дагы артыкчылыктуу багыттар боюнча биргелешкен ишмердүүлүктү жүргүзө берүү;
- санариптештирүү жана университеттерди "жашылдандыруу" боюнча гранттарга биргелешкен өтүнмөлөрдү даярдап тапшыруу;
- кампустарды экологиялаштыруу жана ресурстарды (суу, энергия, калдыктар) башкаруу;

- башкаруу жана билим берүү процесстерин санариптештирүү;
- туруктуу өнүгүү, климат, жасалма интеллект, Big Data жана санарип көндүмдөр боюнча курстарды жана программаларды ишке киргизүү;
- долбоордун каржылык колдоосу менен түзүлгөн жашыл жана санарип офистердин базасында стажировкаларды, семинарларды, тренингдерди жана изилдөөлөрдү өткөрүү;
- туруктуу өнүгүү боюнча биргелешкен илимий изилдөөлөрдү жана отчетторду жарыялоо.
-

**3. Мүчөлүк жана өнөктөштүк**

3.1. Кыргыз Республикасынын аккредитациядан өткөн жогорку окуу жайлары Тармактын мүчөсү боло алышат.

3.2. Жаңы мүчөлөрдү кабыл алуу – Тараптардын жалпы жыйынында берилген арыздар боюнча каралат.

3.3. Тармак мамлекеттик органдардын, бейөкмөт уюмдардын жана изилдөө борборлорунун байкоочу же консультант катары катышуусун кубаттайт.

3.4. Эгерде Тармактын көпчүлүк катышуучулары макул болсо Тармак Кыргыз Республикасынын башка окуу жайлары үчүн да ачык аянтча болуп берет.

3.5. Тараптар Тармактын ишине үчүнчү жактарды, анын ичинде чет өлкөлүк илимий жана билим берүү уюмдарын ассоциацияланган мүчө катары тартууга укуктуу.

**4. Уюштуруучулук түзүм**

4.1. Тармак төмөнкүдөй башкарылат:

- Тармактык кеңеш – стратегиялык чечимдерди кабыл алган жогорку орган. Ар бир университеттен экиден өкүл кирет. Ал күнүмдүк ишмердүүлүктү координациялайт, коммуникативдик жана административдик колдоо жүргүзөт.
- Кеңештин төрагасы Тармакка мүчө окуу жайлардын ректорлорунун арасынан шайланат жана ар үч жылда кайрадан шайланып турат.
- Кеңеш жылына жок дегенде бир жолу иш-пландын негизинде жыйын өткөрөт. Зарыл болгон учурда Кеңеш кезексиз жыйын өткөрүшү мүмкүн. Жыйындар видео жана/же аудио байланыш аркылуу да өтүшү мүмкүн.
- Кеңештин негизги функциясы – кызматташтыктын негизги принциптерин иштеп чыгуу жана Тармактын максаттарына жетүүгө багытталган концептуалдык чечимдерди кабыл алуу.
- Кеңеш жыйындын кворумун камсыз кылат, эгерде Тармактын 2/3 (үчтөн экиси) иштеп жаткан мүчөлөрү катышса, кворум болот.
- Кеңеш чечимдерди катышкан мүчөлөрдүн көпчүлүк добушу менен кабыл алат.

- Ар кыл тематикалар (мисалы, “жашыл кампус”, “санарип билим берүү”, “энергетика” ж.б.) боюнча жумушчу топтор түзүлөт

4.2. Тармактын расмий тилдери – кыргыз, орус жана англис тилдери.

**5. Тармактын ишмердүүлүгүн каржылоо**

5.1. Каржылоо төмөнкү булактардын эсебинен ишке ашырылат:

- GREENKG долбоору;
- ыктыярдуу мүчөлүк взностор;
- эл аралык гранттык программалар;
- университеттердин, фонддордун жана жеке демөөрчүлөрдүн максаттуу каржылоосу.

5.2. Ар бир Тарап Тармакка катышуусуна байланыштуу чыгымдарды өз алдынча көтөрөт, эгерде келишимдерде башкача каралбаса.

5.3. Бул Келишим Тараптарга мүлктүк же каржылык милдеттемелерди жүктөбөйт.

**6. Укуктук статус жана юрисдикция**

6.1. Башкача чечим келечекте кабыл алынмайынча Тармак юридикалык жак болуп саналбайт.

6.2. Тармактын алкагындагы ишмердүүлүк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ушул Келишимге, Тармактын өнүгүү планына, уюштуруу келишимдерине жана Тараптардын арасында же үчүнчү жактар менен түзүлгөн башка келишимдерге негизделет.

6.3. Келишимдин алкагында иштелип чыккан интеллектуалдык менчик объектилери (иштелмелер, ыкмалар, пайдалуу моделдер) тиешелүү натыйжа алган Тараптардын арасында тең бөлүштүрүлөт.

6.4. Талаш-тартыштуу маселелер сүйлөшүү жолу менен чечилет, болбосо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде каралат.

**7. Келишимдин иштөө мөөнөтү жана токтотулушу**

7.1. Бул Келишим кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет жана мөөнөтсүз иштейт.

7.2. Тармактан чыгууну каалаган ар бир Тарап 3 ай мурун жазуу жүзүндө кабарлоого милдеттүү.

7.3. Келишим Тараптардын өз ара макулдашуусу менен кайра каралышы жана толукталышы мүмкүн.

**8. Жыйынтыктоочу жоболор**

8.1. Келишим кыргыз, орус жана англис тилдеринде он нускада түзүлүп, ар бир өнөктөш университетке бир нускадан берилет. Үч текст тең бирдей юридикалык күчкө ээ.

8.2. Тараптар тарабынан кол коюлган кошумча документтер (тиркемелер) жана жыйындардын протоколдору бул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Тараптардын колдору:

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине караштуу К. Дикамбаев атындагы дипломатиялык академиянын ректору ____________ А.М. Кылычев

Баткен мамлекеттик университетинин ректору ____________ А.Т. Гыязов

К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин ректору ____________ М.М. Дылдаев

К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин ректору ____________ А.А. Иманбаев

И. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиянын ректору ____________ И. О. Кудайбергенова

И. Раззакова атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин ректору ____________ М.К. Чыныбаев

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору ____________ А.Т. Абдраева

Эл аралык жогорку медициналык мектептин ректору ____________ С.М. Ахунбаев

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин ректору ____________ Т.А. Исабеков

Ош мамлекеттик университетинин ректору ____________ К.Г. Кожобеков